Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Too

№39 (3111)

WWW.ERKINTOO.KG

Шейшемби, 2020-жылдын 19-майы

ТОКАЕВДИН 67-ЖАЗЫ

Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев 17-майда 67 жашка толду. Президент Сооронбай Жээнбеков кесиптешин телефон аркылуу куттуктады.

2-БЕТТЕ

ВИРТУАЛДУУ СЕССИЯ

18-майда Женевада Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун башкы органы – Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо ассамблеясынын видеоконференция форматында өткөн 73-сессиясы өз ишин аяктады. Анда 194 өлкөнүн саламаттыкты сактоо министрлери пандемияга каршы күрөштүн жыйынтыктарын талкуулады.

СУВЕРЕНДҮҮ КАРЫЗ СУНУШУ

Россиянын өкмөтү "РусГидро" компаниясына болгон Кыргызстандын 37,8 млн доллар карызын мамлекеттик тышкы карызга айлантуу менен анын тагдырын чечүүнү сунуштап жаткандыгын 18-майда вице-премьер-министр Эркин Асрандиев билдирди.

БААТЫР ЭНЕЛЕР МЕНЕН БААРЛАШУУ

Энелер күнүнө карата өлкөбүздүн бир катар көп балалуу энелери менен жолугушкан Президент Сооронбай Жээнбеков "Баатыр эне" орденин тапшырып жатып аларга "үй-бүлөнүн уюткусу, коломтонун ээси жана мекенибиздин куту" деген баасын берип, ар бир баланын эне камкордугунда өсүшү өзгөчө маанилүү экендигин баса белгиледи.

2-БЕТТЕ

Май айынын маанайы

Бүгүн өлкөбүздүн көпчүлүк аймагында мезгил-мезгили менен жамгыр жаайт, бийик тоолорго кар түшөт. Жаан-чачын 21-майда да күтүлөт.

КОҢГУРООСУЗ КОШТОШУУ

Быйыл окуу жылынын аякташына байланыштуу акыркы коңгуроо салтанаты жана бүтүрүү кечелери болбойт. Аттестаттар чакыруу боюнча тапшырылат.

МУНАЙДЫН ЖАҢЫ РЕКОРДУ

13-апрелден бери биринчи жолу Brent маркасындагы мунайдын баррель баасы Лондон биржасында 33 доллардан ашты. Ал эми 18-майга карата Кыргызстанда автоунаалар үчүн бензиндин наркы АИ-92ге – 33,7-33,9 сомду, АИ-95ке – 37,7-37,9 сомду түздү.

ТУУГАНЧЫЛЫК КЫЙЫНЧЫЛЫКТА БИЛИНЕТ

17-майда Президент Сооронбай Жээнбеков Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаевди туулган күнү менен куттуктады.

Сооронбай Жээнбеков казак коллегасы Касым-Жомарт Токаев менен телефондук сүйлөшүүдө аны туулган күнү менен куттуктап, жакшы каалоо-тилектерин билдирди.

Ошондой эле алар кыргыз-казак эки тараптуу кызматташтыгынын актуалдуу маселелери боюнча пикир алышып, коронавирус инфекциясынын жайылышына каршы бирге чараларды көрүү жана эки өлкөнүн жарандарын өз мекендерине биргелешип кайтаруу маселеси туурасында сүйлөшүштү. Өз кезегинде Мамлекет башчысы кыргызстандыктарды Казакстан аркылуу жерибизге алып келүүдө көрсөтүлүп жаткан көмөк көрсөтүү үчүн да ыраазычылык билдирди.

ПРЕЗИДЕНТ БААТЫР ЭНЕЛЕР МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ

16-майда Президент Сооронбай Жээнбеков Энелер күнүн утурлай өлкөнүн көп балалуу энелери менен жолугушту.

Жолугушууга Чүй облусунун Сокулук районунун тургуну Альфия Закирова, Аламүдүн районунун тургуну Дилбар Пардабаева, Токмок шаарынын тургуну Юлия Алексеева, Талас облусунун Бакай-Ата районунун тургуну Динара Султанмуратова, Бишкек шаарынын тургуну Маматали кызы Гүлбарчын катышты.

Президент Сооронбай Жээнбеков энелерге «Баатыр эне» орденин тапшырды. «Энелер - үй-бүлөнүн ынтымагын ширелткен уюткусу, коломтонун ээси, жалпы мекенибиздин куту. Ар бир бала - эненин мээрими аркылуу өз элин, жерин, мамлекетин сүйөт. Мекенге болгон атуулдук сезим - энеге болгон сүйүүдөн башталат. Өлкөбүздөгү ар бир бала эне мээримине бөлөнүп чоңойсун деп тилек кылам. Ошондо коомубуз адилеттүү, мамлекетибиз күчтүү, эли-журтубуздун келечеги ишенимдүү колдо болот», - деп белгиледи Президент Сооронбай Жээнбеков энелер менен баарлашууда. Мамлекет башчысынын пикиринде көп балалуу үй-бүлөдө чоңойгон балдардын өз ара мамилелери, бирибирине болгон бир туугандык сезимдери бекем болот. Турмуш тастыктагандай, көп балалуу үй-бүлөдөн чыккан балдардын Мекенге, өз эл-жерине болгон сезимдери өзгөчө болот.

Эске салсак, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен өлкөдөгү 1014 энеге «Баатыр эне» наамы, ал эми 519 энеге «Эне даңкы» наамдары ыйгарылган.

ТАРТИП КОМИССИЯСЫ ТАК ИШТӨӨГӨ МИЛДЕТТҮҮ

15-майда Президент Сооронбай Жээнбеков Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын төрайымы Нургүл Бакированы кабыл алды.

Жолугушууда Мамлекет башчысы Тартип комиссиясынын учурдагы ишмердүүлүгү, өлкөдөгү судьялардын ишине карата кайрылуулар, кабыл алынган чечимдер, ошондой эле комиссиянын ишин жакшыртуу боюнча белгиленген пландар жөнүндө маалымат алды.

223 кайрылуу боюнча судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган, алардын ичинен 18 судьяга сөгүш жарыяланып, ал эми 155 судьяга алдын ала эскертүү, 42 судьяга эскертүү берилген.

Президент Сооронбай Жээнбеков өлкөдө таза иштеген судьялар аз эмес экендигин, бирок ага карабастан айрым судьялар кынтыксыз болуу талаптарын бузган фактылар болуп жатканын белгиледи. Мына ушундай себеп менен 8 судьяга карата мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Мамлекет башчысы судьялар корпусунун тазаланышында, жалпысынан сот системасына ишенимди бекемдөөдө Тартип комиссиясынын өзгөчө ролуна токтолуп, жарандардын кайрылуулары боюнча ишти күчөтүү зарылдыгын баса белгиледи. Тартип комиссиясынын ишиндеги бейтараптыкты жана анын ишмердүүлүгүн санариптештирүүнү камсыз кылуу маселеси айтылды.

УУЛДУН УРМАТЫН, КЫЗДЫН КЫЗМАТЫН КӨРҮҮ ДЕГЕН УШУНДАЙ БОЛОТ

Энелер күнү Кыргызстанда жыл сайын май айынын үчүнчү жекшембисинде белгиленет. 16-майда Энелер күнүнүн урматына Президент Сооронбай Жээнбеков өз эмгектери менен элге таанылып, ийгиликтерди жараткан жана өлкөбүздү дүйнөгө таанытткан мекендештерибиздин энелерин куттуктап, эстеликке белектерин берди.

Мамлекет башчысынан белектерди эркин күрөш боюнча 23 жашка чейинки спортчулардын арасында дүйнө чемпиону Улукбек Жолдошбековдун энеси Гүлнар Абдраева, 2019-жылы АКШнын Нью-Йорк шаарында өткөн табигый-математикалык циклдагы предметтери боюнча эл аралык олимпиадада күмүш медалынын ээси Нурислам Шерипбаевдин энеси Гүлзада Ботобекова, 22-марттан баштап коронавирус инфекциясы менен күрөштүн алдыңкы сабында болуп, азыркыга чейин туугандары менен жакындарын көрө элек, республикалык клиникалык инфекциялык ооруканалын инфекционист-врачы Наталья Прыткованын энеси Ольга Прыткова, 2020-жылдын февраль айында Кыргызстан-Россия эриш-аркак жылынын ачылышында ксилофондо ойноп чоң чеберчилик менен талантын көрсөткөн Мукаш Абдраев атындагы музыкалык мектептин окуучусу Мырзайым Токтосунованын энеси Шохидахон Токтосунова, төкмө акын, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Аалы Туткучевдин энеси Сабира Туткучева, ички иштер органдарынын мурунку кызматкери, 2010-жылдагы Апрель окуяларында жараат алып, анын кесепетинен эки бутунан ажыраган Алмазбек Акчекеевдин энеси Гулай Акчекеева, манасчы Рысбай Исаковдун энеси Саадат Исакова, 2019-жылда Баткен облусунун Лейлек районунда болгон чек ара окуясынын натыйжасында курман болгон Равшан Муминовдун энеси Лолохон Муминовалар алышты. Аларга Президенттин Аппаратынын кызматкерлери жана Талас, Ысык-Көл, Ош, Баткен облустарынын жетекчилери куттуктоолорун жана белектерин тапшырышты.

Президент Сооронбай ЖЭЭНБЕКОВ:

“МЕКЕНГЕ БОЛГОН АТУУЛДУК СЕЗИМ - ЭНЕГЕ БОЛГОН СҮЙҮҮДӨН БАШТАЛАТ”

16-майда Президент Сооронбай Жээнбеков кыргызстандыктарды Энелер күнү менен куттуктады.

«Кымбаттуу энелер!

Баарыңыздарды Энелер күнү менен чын дилимден куттуктайм!

Биз эзелтеден бери энелерге ыйык сезимди, терең сый-урматты ыроолоп келген элбиз.

Өлкөбүздүн азыркы жана келечек турмушунда энелердин орду өзгөчө бийик.

Энелер - жашоонун башаты, үй-бүлөнүн ынтымагын ширелткен, коломтонун ээси, коомубуздун уюткусу, жалпы мекенибиздин куту.

Жаштарыбыздын руханий көрөңгөсү, мекенге болгон сүйүүсү, атуулдук сезими - энелердин мээриминен башталат, алардын таалим-тарбиясына барып такалат.

Ар бир бала - эненин мээрими аркылуу өз элин, жерин, мамлекетин сүйөт. Мекенге болгон атуулдук сезим - энеге болгон сүйүүдөн башталат.

Энелердин жана балдардын ден соолугун коргоо, аларды социалдык жактан колдоо - мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты.

Энелик мээримин төгүп, коомубуздун эртеңкисин, мамлекетибиздин келечегин аныктай турган татыктуу балдарды тарбиялап жаткан апалардын ар бирине ыраазылык билдирем.

Урматтуу Энелер, майрамыңыздар менен! Сиздерге чың ден соолук, узун өмүр, бактылуу жашоо каалайм!»

ЭНЕЛЕР КҮНҮ - АЛАРГА БИЗДИН ЫРААЗЫЧЫЛЫКТЫ БИЛДИРҮҮГӨ БЕРИЛГЕН МҮМКҮНЧҮЛҮК

16-майда Жогорку Кеңештин Төрагасы Дастанбек Жумабеков Энелер күнүнө карата энелерге куттуктоосун жолдоду.

“Энелер күнүн майрамдоо - бул биздин апаларыбызга адал мээнет, ак сүтү, алардын сүйүүсү жана камкордугу үчүн чексиз ыраазычылыгыбызды билдирүүнүн эң сонун мүмкүнчүлүгү”, - деп айтылат куттуктоодо. Төрага энелер маңдайыбызда турганда чын жүрөктөн чыккан жакшы сөздөрүбүздү аябай, кадырлап-барктаганды үйрөнүүгө чакырып, “сиздер биздин өмүрүбүздүн шам чырагысыңар. Биз силерге койнубуз кубанычка толгон жакшы күндөрү да, кыйынчылык учурларда да кайрылабыз. Канчалык чоң жана өз алдынча болбойлу, баары бир сиздердин акылман кеңешиңиздерге, камкордугуңуздарга жана сүйүүнүздөргө муктажбыз”, -деп белгилейт куттуктоосунда.

Даярдаган
Бегим ТУРДАЛИЕВА

■ Жаратмандыктын эки жылы

БҮГҮНКҮ МЭЭНЕТ – ЭРТЕҢКИ ДӨӨЛӨТ

Президенттин Басма сөз кызматы тарабынан "Жаратмандык жылдар" китеби жарык көрдү. Анда Сооронбай Жээнбековдун мамлекетти жетектеп турган алгачкы эки жылдык ишинин ийгилиги камтылган. Калктан өткөн калыс киши жок дейт. Өзгөчө аймактардагы өзгөрүүлөр, алдыга жылуулар элдин кубаттоосуна арзып тургандыгы чындык.

Арийне, мамлекетибиз эгемендүүлүккө жетип, мал-мүлк элдин колуна өткөнү менен көпчүлүк максаттуу колдоно албады. Эл өзүнүн көйгөйү менен өздөрү алпурушуп, аймактар дээрлик көңүл сыртында калып калды. Натыйжада элдин турмушу начарлагандан начарлап, оор сыноону баштарынан кечирди. Жумушсуздук күчөдү. Кара курсактын айласын издеп аргасыздан жаштардын басымдуу бөлүгү чет жактарга чилдей тарады. Буга чейинки бийлик башындагылар айыл жериндегилердин турмушун жакшыртуу аракеттерин көрүп келишкени менен сезилээрлик жыйынтык деле көрө албадык.

Сооронбай Жээнбеков Президенттик ишин баштаган алгачкы жылын дароо "Аймактарды өнүктүрүү жылы",- деп жарыялап, комплекстүү өнүктүрүү системасын ишке киргизди. Аймактарга көңүл буруу адаттагыдай бир жыл менен белгиленип же чектелип калбастан, катарлаш үч жыл анын өнүгүшүнө арналып келе жаткандыгы өз жемишин берүүдө. Бүт дүйнө жүзү алдыңкы технологияларды киргизип, алдыга умтулуп жаткан убакта санариптештирүү иш-аракеттерин тездик менен баштап, өз учурунда маселенин бутасынан кармагандай болдук. Дегеним, замандын талабына жараша аймактарды санариптештирүү менен өз убагында алдыга бир топ озуп алдык. Акыркы айларда дүйнө коомчулугунун шайын кетирген коронавирус илдетинин кесепетинен жарыяланган карантинде алыскы аймактарга чейин интернет менен жеткиликтүү камсыз болушу жана жаңы технологиялардын ишке кириши көп көйгөйдү чечип койду.

Аткарылып жаткан иштер Президент Сооронбай Жээнбековдун жеке өзүнүн көзөмөлүндө болуп, анын тапшырмасы менен болгон мүмкүнчүлүктөр аймактарга багытталып жатышы иштин илгерилешине негиз болду. Анын мындай келечекке кам көрө билүүсү элеттик элдин үмүтүнө ишеним кошту. Атап айтсак, ишкерчилик жүргүзгөндөр үчүн мамлекет тарабынан бир топ эле жагымдуу шарттар түзүлдү. Айрымдарына салык төлөөдө жеңилдиктер берилсе, кээ бирлери таптакыр салык төлөөдөн бошотулду. Мындай колдоо ишкерлердин ишине дем берди.

Инвестициялык долбоорлордун негизинде айыл чарба азыктүлүктөрүн сактоо, сорттоо, таңгактоо жана кайра иштетүү боюнча бир катар өндүрүш ишканалары, тигүү тармагы жана курулуш материалдарын чыгаруу боюнча ишканалардын ишке кириши менен жер-жерлерде жаңы жумушчу орундар түзүлүүдө. Мамлекет башчысы аймактарды өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду каржылык жактан камсыздоо боюнча финансылык институттардын жетекчилерине берген тапшырмасынын негизинде жер-жерлерде туруктуу өнүгүү байкалууда. Азыр айыл жерлеринде жашагандардын көпчүлүгү насыя менен оокат кылып, бирди экиге айлантып, жашоолорун тыңытуу менен алек. Элдин мындай керектөөсү менен талаптарын тагыраак түшүнгөн адам катары Президент Сооронбай Жээнбеков тарабынан каражаттын басымдуу бөлүгү аймактарга багытталып, жеңилдетилген насыялар берилүүдө. Сөзүбүз куру болбосун үчүн төмөндөгүлөрдү белгилей кетсек болот. 2019-жылы "Айыл Банк" ААКсы тарабынан 12 млрд сомго 53 957 насыя берилген. Анын ичинен 10,1 млрд сом же 84 пайызы аймактардагы долбоорлорду каржылоого багытталган. Өткөн жылы "РСК Банк" ААКнын берген кредиттеринин 86 пайызы аймактарга бурулуп, жалпы суммасы 8,4 млрд сомго 10 335 насыя берилген. Алыскы айылдарга эң төмөн 12 пайыз менен 3 жылга, 150 миң сомго чейинки кредиттер күрөөсүз берилип жаткандыгы жакшы колдоо болуп жатат.

Бир кезде жетишсиз турмуштун айынан чет жерге мигрант болуп кеткен уул-кыздарыбыз эми буттарына туруп, айыл жеринде калган үй-бүлөлөрүнөн сырткары өз айылдарына демөөрчү болушуп, көрсөткөн жардамдары чоң болуп жаткандыгын айта кетпесек болбойт.

Мамлекет башчысынын республиканын ар бир районунда 3 чакырымдан кем эмес жолду асфальттоо боюнча конкреттүү тапшырмасы жакшы жыйынтык берди. Натыйжада айылга барчу жыртылып-тешилген жолдорубуз жаркырап, түйшүгүбүз кыйла жеңилдеп калгандыгына ар бирибиз күбөбүз. Республиканын казынасынан бөлүнгөн 1,8 млрд сомго 168 чакырым жол асфальталган. 2018-жылы республика боюнча 251,3 чакырым жолго асфальт төшөлсө, былтыркы жылы республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана эл аралык уюмдардын колдоосу менен аймактарда 515 чакырым жол асфальталган. Жалпы республика боюнча эки жылда 761 чакырым эл аралык, республикалык жана жергиликтүү маанидеги жолдор курулган.

Акыркы эки жылдан ашык мезгил ичинде аймактарды алдыга жылдыруу иштериндеги аракеттерди жана анын жыйынтыктарын санай берсек сөз учугу улана берчүдөй. Мындай иштердин аркасында айтылбаган кандай гана талыкпас эмгек жатат. Аз убакыт аралыгында тез секирик жасалбаса да кадам сайын алдыга илгерилөө максаты коюлуп, акырындап жемиши көрүнө баштады. Албетте, кайратман эмгектин акыбети же жасаган ишиңдин жыйынтыгы эртең эле көрүнө калбайт. Мандай тердин мээнетин көрүүгө бир нече жылдар талап кылынат эмеспи.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

НАРЫН ШААРЫНДА АБАЛДЫ ӨЗГӨРТҮҮГӨ 3 КҮНДҮК УБАКЫТ БЕРИЛДИ

Нарын шаарында контакттык оорулуулардын саны облуста жашаган калктын санына салыштырмалуу жогору болууда.

Буга байланыштуу 16-майда өткөн республикалык ыкчам штабдын жыйынында биринчи вице-премьер-министр Кубатбек Боронов Нарын шаарындагы эпидемиологиялык абалды калыптандырууга үч күндүк мөөнөт берди.

Кубатбек Бороновдун билдирүүсү боюнча эгерде белгиленген мөөнөттө абал оң жагына өзгөрбөсө, шаардагы тиешелүү мамлекеттик орган жетекчилеринин жоопкерчилиги каралышы керек.

Республикалык ыкчам штабдын жыйынында бардык аймактарда, анын ичинде өзгөчө татаал эпидемиологиялык абалга байланыштуу карантин киргизилген Бишкек жана Ош шаарларында, Ат-Башы районунда жана Чаткал районундагы Каныш-Кыя айыл аймагында санитардык-карантиндик иш-чараларды күчтөнтүү боюнча бир катар тапшырмалар берилди.

КАЛК АРАСЫНДА КОРОНАВИРУСКА КАБЫЛГАНДАРДЫ ТАБУУ МААНИЛҮҮ МИЛДЕТ

17-майда Республикалык ыкчам штабдын жыйынында учурдагы абал боюнча тапшырмалар берилди.

1-вице-премьер-министр Кубатбек Боронов калк арасында COVID-19 инфекциясына кабылгандарды табуу өтө маанилүү милдет экендигин жана ооруган адамдар менен байланышкан жарандар менен ишти күчтөндүрүү андан кем эмес маанаге ээ экендигин белгиледи.

«Жаранда вирустун бар экендиги аныкталар замат биз аны менен байланышкан бардык адамдарды табууга болгон күч-аракетибизди жумшоого тийишпиз. Медицина кызматкерлери жана ар бирибиз чарчаганыбыз анык. Бирок азыр жай отура турган мезгил эмес. Бир каталык кетирүү менен ишти кайра башынан баштап калышыбыз мүмкүн. Бүгүнкү күнгө чейин ар бир мамлекеттик орган толук күчүн жумшап иштеди, ушул багытта улантууну өтүнөм», - деди Кубатбек Боронов.

Белгилей кетсек, борбор калаабыз Бишкекке иштөөсүнө уруксат берилген объекттерге тартылгандар гана келе алышат. Биринчи вице-премьер-министр тиешелүү мамлекеттик органдарга коңшу өлкөлөрдө, ошондой эле бизде да экономикалык ишмердүүлүктү жандандыруу аркылуу жол трафиги көбөйгөнүн эскертип, жүк ташуучу унаалардын кирүү алгоритмин жаңылоону тапшырды.

ТУУРА ЭМЕС МААЛЫМАТ ТАРАТЫП ЖАРАНДАРЫБЫЗДЫ ЖОЛДОН АДАШТЫРБАЙЛЫ

Дүйнөнү каптап жаткан пандемия шартында башка өлкөлөрдөгү жарандарыбызды Мекенибизге алып келүү иши улануда. Жакында россия-казак чек арасында топтолгон жарандарыбыз өлкөбүзгө алынып келинди. Учурда кайрадан россия-казак чек арасында 500дөй жараныбыз топтолуп турушат. 2020-жылдын май айынын аягына чейин Москва, Оренбург жана Новосибирск шаарларынан чартердик каттамдар уюштурулат. Бул багытта Өкмөт жана штаб иштерди жүргүзүүдө.

Бирок акыркы мезгилде айрым саясий партиялардын, коммерциялык эмес жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү жоопкерчиликсиз билдирүүлөрдү жасап, чет мамлекеттердин аймагынан кыргызстандыктарды алып келүүнү уюштуруу боюнча кызматтарды сунуштаган учурлар болууда. Алар жалган маалыматтарды таркатып, карапайым жарандарды адаштырууда.

Россия-казак чек арасында унаа каражаттарын өткөрүп жаткандыгы тууралуу такталбаган маалыматты угуп, туура эмес кабарлоодон жабыр тарткан жарандарыбыздын тегерегиндеги кырдаал буга мисал болуп саналат. Бул мекендештерибиздин абалына терс таасирин тийгизди жана Оренбург облусунун жергиликтүү бийлигине татаал жагдай түздү.

Жарандарыбыз жүргөн өлкөлөрдүн расмий бийлиги менен иш алып баруу Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жүргүзүлөт. Мекендештерибизди алып келүү маселеси, анын ичинде чартердик аба каттамдарын уюштуруу тууралуу так маалыматтарды компеттүү мамлекеттик органдардын расмий өкүлдөрүнөн, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнөн жана консулдук мекемелеринен гана алуу зарыл.

Даярдаган
Бегим ТУРДАЛИЕВА

Токтогулдун тоолорун аралай

МАЛГА МАМИЛЕ МАЛ БАЗАРДАН БАШТАЛБАЙТ

Эки айдан өтүп өкмөттүн ММКлардын иштөөсүнө уруксат берген токтомунан кийин жумушка чыгып, дароо эле Токтогул районуна токтоосуз жөнөп кеттик. Анткени, өкмөт айыл чарба, мал чарба багытында иштегендерге уруксат бергендиктен, кыймылсыз жаткан базарлар, ишканалар ачылып, соодагерлер, алып-сатарлар жандана баштаган. Биз карантинден кийинки атаандаш болуп жаткан эки мал базардын ачылган күнүнө күбө бололу деп атайын бардык.

Токтогул шаарынын ичиндеги Шамшыкал мал базары көп жылдан бери иштеп, элге кызматын көрсөтүп келет. Ал ырчы Роза Амановага тиешелүү болгон, андан азыркы ЖК депутаты Нурбек Тотонов арендага алып, иштетип келген. Былтыр 2019-жылы августта белгилүү акын-жазуучу Бактыгүл Чыныбаева Р.Амановадан мал базарды сатып алган. Нурбек Тотонов болсо мал базардан кынык алганбы, ал базардан 3 чакырым алысыраак Жаңы-Жол айыл өкмөтүнө караштуу жерге өзүнчө мал базар ачкан. Кептин баары ушул жерде. Ошол күнү, тагыраагы 17-май дем алыш күнү таңкы 6да мал базарга бардык. Ага кирчү жол буулуп, блок-пост коюлуп калган. Ал эми Тотоновдун базарында андай блок-пост жок. Акырын элди бул жолу буулган базарда эмес, Тотонов базарында малдар сатылып, соода кылынсын деген таклип турганын баамдадык. Бирок, Конституцияда жазылгандай, бийлик элдин колунда экенин көрдүк. Ар кайсы айылдан машиналарга мал жүктөп келген адамдар чоң трассага батпай баратканда блок-постту кол менен эле жылдырып, базарга өтүп кетишип, кадимкисиндей эле соодасын башташты. Себеби, эл 20 жылдан бери ушул базарда соода кылып көнгөн. Машина токтотконго, мал түшүргөнгө, жашылча-жемиш, малга керектүү дары-дармектерди, кийим-кече, тамак-аш азыктарын сатканга көнүп алышкан. Мал базардын ичинде жаңы ремонттолуп бүткөн кенен ашканасы, жаңы курулган ажаатканасы бар. Бодо малды байлоочу темир казыктар орнотулуп, краскаланган. Эми жаан-чачын болуп калса суу өтпөсүн деп базардын ортосу чатыр менен жабылууда. Арендага алган киши мындай шарттарды мурдатан жасабаганы көрүнүп турат. Аңгыча саат 9дар болуп калган маалда райондук атка минерлердин келип калганын көрүп, таанышып, сүйлөштүк. Райондук мамлекеттик администрация башчысынын-акимдин орун басары Нурболот Кожобергенов, Токтогул райондук ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча башкармалыгынын башчысы Эрлан Масалканов, орун басары Исхак Давлеталиев көптөгөн ветеринарлар менен мал базарга келип, көзөмөл жүргүзүп турушту. Ошол учурда ветеринарлар көп жүргөнү менен базарга кирген малдын көбүнүн ден соолугун тастыктоочу справкасы жок экени аныктык болду. Азыр адамдын ден соолугу деп тикеден тик турабыз, малдын ден соолугу андан кем эмес. Малдан ар түрдүү ылаңдар жугушу, анын этинен ар түрдүү оорулар пайда болушу мүмкүн. Мал көбөйгөнү – малга болгон мамиле да өзгөрүшү керек. Мунун алдын алууда Токтогул районунун ветеринарлары начар иштеп жатканын көрдүм. Буга күбө, мал баккан адамдар аларга биздин көзүбүзчө ачуу суроолорун бере башташты. Бир мал ээси ую ооруп жатканын айтып ветеринарды чакырса анысы эч келбей коюп, эмне укол сайаарын билбей, кыйналганын айтса, дагы бири малга ар түрдүү дарыларды саюу ар кимдин көңүлүнө жараша болуп келатканын айтып даттанды. Дагы бири малга сайылчу дарылар жайнап кеткени менен алар ооруган малды айыктырып жатабы-жокпу, билбей жатышканын айтты. Ушундан кийин ветеринардык жана фитосанитардык башкармалыктын башчысына кайрылганымда ушул кезге чейин кайсы малга кайсы оору үчүн дары канча сомдон сайылыш керектиги жөнүндө так прейскуранты же баалары так жазылган кагазы жок экенин билдик. Алар Эшматтан 10 сом алса, Ташматтан 30 сом алып, малдын ден соолугун текшербей туруп айрым учурларда 100 сомго чейин справкаларды берип келишкен. Кыргыздарда ооруп калган малын батыраак сата коюп кутулуу амалы бар. Бул өтө коркунучтуу. Малдан чыкчу бруцеллёз, кара сан, кара өпкө, чума, сибирь жарасы сыяктуу өтө коркунучтуу оорулар адамды өлүмгө чейин жеткирет. Ветеринарлар башка райондор үлгү көрсөтүп жаткан асыл тукум малдын башын көбөйтүү практикасын элге сунушташа элек. Мисалы, Ысык-Көлдүн, Оштун бир топ райондорунун ветеринарлары сүт багытындагы жана эт багытындагы уйлардын уругун Америкадан, Европадан алдырышып, элге сатып, түшүндүрүп, уруктандырып келатышат. Жөн эле уйларга караганда саатына саала берген саан уйлардын, эти эки эсе көп берген жана мрамор эттүү уйлардын башы көбөйүп келатат. Тилекке каршы, биз андайды Токтогул районунан байкаган жокпуз. Ветеринарлар машинанын көп келгенин, алар туура эмес жерге туруп калышканын гана айтып турушту. Акимдин орун басары болсо эки ай карантинден кийин ачылып жаткан мал базардын алгачкы күнүндө көп кемчиликтер кетип жатканын, анын баарын кийинки жекшембилерге чейин жоюшаарын, атаандаш болуп салынган Тотоновдун мал базарына баарын көчүрүп салып, бул базарды жабуу планда жок экенин, эл көнгөн базарында мындан кийин да иштей берээрин айтты.

Токтогул шаарындагы мал базар 1,7 га жерди ээлейт, мал сатканга, алганга, машина токтотконго ылайыктуу. Алыстан мал алып келгендер жатчу мейманканалар да ага жакын үйлөргө курулган. Базар болгон күнү 60-70тей соодагер өз буюм-тайымдарын сатып калганга үлгүрүшөт. Таксилер тынбай иштеп, базары кызыйт.

Карантинден кийин ачылып жаткандыктан мал базардын ичисырты бака-шака түшүп, баарынын үмүтү жанып, жаңы жашоого батыл кирип баратышты. Мен дагы көпчүлүккө көптөн бери аралашпаганга көнүп калгандыктан алгач кооптонуп турдум эле кийин бакашакадан ойгонуп кеткендей аралашып кеттим. Бири малын сатканы келсе, бири сатып алып кетип жатат. Бааларына кызыксам, кымбат сатып жатышыптыр. Мисалы, бир токтунун баасы 7-8 миң, чоң кой 10 миң. Уйлар 60, жылкылар 80 миң сомдун тегерегинде. Тооктун кичине балапандары 70тен 200 сомго чейин даанасы. Мал байлоочу аркан-жиптер да, тапичке, көлөчтөр да кымбатыраак. Сатармандар кымбат айтса, алармандар аз. Анткени, мынчалык тыныгуудан кийин элдин колунда акча жок. Баса, элдин көбүндө маска жок, тагынышпайт экен. Аны Токтогул районунда вирус чыкпаганы менен түшүндүрүштү.

Эл аралап жүрүп: “бул базарды жакында жабышат, Тотоновдун мал базары иштейт. Бирок эл ага көнбөйт, бул базарга көнгөн, тигил жер тар, алыс да болуп калат. Жергиликтүү бийлик элге каршы иштесе, биз дагы каршы чыгабыз. Сүйлөй берсе, өз көмөчтөрүнө күл тарта берсе эле ушулардыкы туура болмок беле. Жо-ок көчүш керек акыры, шаардын ичинде мал базар болбош керек да. Балким туура кылып жатышкандыр. Бара көрөбүз да, буга көнүп албадыкпы. Тигил базарда мал бар бекен? Жок экен, үч-төртөө эле турат, алармаңы жок”, - деген сыяктуу ар түрдүү пикирлерди уктум. Эл ичинде электен өткөн да, өтпөгөн да кептер айтылып, бырс күлдүрөт.

Базардын ээси Бактыгүл Чыныбаева болсо базарды былтыр сатып алгандан кийин карыздарынан эми кутулганын, эми иштеп, тыйын табайын дегенде карантинге жабылганын, эми-эми иштейин десе Тотоновдун базарынын иштеп кетишине ык тартып, бул жерге билинбеген жиптерин тартышып, угулбаган сөздөрүн айтышып, депутаттын демине дем кошуп жатышканын айтты. Шаардык мэриянын, райондук мамдминистрациянын айткандарына ишенсек, бул базар эч качан жабылбайт да бут тосулбайт. Мезгилден өткөн сынчы жок, күтө туралы.

Капастан чыккан торгойдой тоолорду ашып, Токтогулга жетип, карапайым калк менен аралашып, жолду карата төрт мезгилди көрүп, ушунчалык кооз жаратылыштын сулуулугуна суктанып, бир черден чыккандай болдум. Жаман илдеттин жаныбызга баткан коркунучунан жамынып, үйдө калган күндөр артта калып, тез андан арылып, кадимки жашоо-турмушка келсек экен.

Сымбат МАКСУТОВА

COVID-19га каршы күрөш

ДҮЙНӨЛҮК БАНК БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНӨ 370 МЛН ДОЛЛАРДАН АШЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТТҮ

“Биз Экинчи дүйнөлүк согуштан берки эң оор экономикалык кризистин босогосунда турабыз”, - деди 14-майда өткөн онлайн-брифинг учурунда Бүткүл дүйнөлүк банктын экономисти Ивайло Изворски.

Айтымында, дүйнөлүк экономика, анын ичинде Борбор Азиялык өлкөлөр да COVID-19 эпидемиясына байланыштуу болуп көрбөгөндөй кризистик кырдаалды башынан кечирүүдө. Бүткүл дүйнөлүк банк коронавирус менен күрөшүү үчүн Борбор Азия өлкөлөрүнө 370 миллион доллардан ашык көлөмдө жардам көрсөттү.

2020-жылдын 14-майына карата Борбордук Азияда COVID-19дун залакаларын жумшартуу үчүн Бүткүл дүйнөлүк банк тарабынан көрүлгөн чаралардын комплекси өзүнө кийинкидей долбоорлорду камтыды:

Казакстан – социалдык медициналык камсыздандыруу боюнча долбоорду реструкташтыруунун алкагында өлкөнүн ар кыл регион-дорунда COVID-19 жуккан бейтаптарды дарылоо үчүн зарыл 236 даана өпкөнү жасалма желдетүүчү аппарат сатып алууга 10 миллион доллар бөлүндү. Буга кошумча дагы 123 аппарат жана башка медициналык жабдууларды сатып алууга 17 миллион доллар бөлүнөт.

Тажикстан - калкка ыкчам жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жардам берүүчү тездетилген жол-жоболор боюнча чукул көмөктөшүүнүн глобалдык пакетинин алкагында 11,3 миллион доллар бөлүндү. Бул каражат реанимация бөлүмдөрү үчүн жабдууларды, медициналык кызматкерлерге жеке коргонуу каражаттарын, тестирлөө үчүн топтомдорду жана лабораториялык реагенттерди сатып алууга, ошондой эле реанимация кызматкерлерин окутууга жана COVID-19ду алдын алуу максатында маалыматтык-түшүндүрүү иш-чараларын уюштырууга жумшалат.

Кыргызстан – зарыл медициналык жана лабораториялык жабдууларды, тез жардам машиналарын, өзгөчө кырдаалдарда ыкчам аракеттенүүчү топтор үчүн мобилдүү жабдууларды сатып алуу жана эпидемия менен күрөшүүнүн алдыңкы сабында иштеп жаткан медициналык кызматкерлерди жеке коргонуу каражаттары менен камсыздоо үчүн 21 миллион доллар бөлүндү.

Өзбекстан – бул өлкөгө бөлүнгөн 95 миллион доллар улуттук саламаттыкты сактоо системасын жакшыртууга, ошондой эле пандемия кириптер кылган экономикалык кризистен жабыркаган калктын жарды катмарын колдоого сарпталат. Бүткүл дүйнөлүк банк мындан сыртканы пандемиянын социалдык-экономикалык кесепеттерин жумшартуу боюнча өкмөттүн антикризистик программасын каржылоого 200 миллион доллар берди. Андан тышкары, медициналык чукул жардам системасын жакшыртуу боюнча долбоордун алкагында өпкөнү жасалма желдетүүчү аппараттарды, рентген-аппараттарын, инфузиялык сордурмаларды, тестирлөө үчүн топтомдорду, вирус жуккан бейтаптардын абалын көзөмөлдөөчү жабдууларды сатып алууга 17 миллион доллар бөлдү.

“Бүткүл дүйнөлүк банк COVID-19 пандемиясына каршы туруу үчүн зарыл каражаттарды ыкчам мобилизациялады. Борбор Азия мамлекеттеринин өкмөттөрү менен аймактагы өлкөлөрдүн саламаттыкты сактоо системаларын чыңдоо жана COVID-19дун кесепеттерин жумшартуу үчүн кошумча каражаттарды бөлүү максатында биз жалпы көлөмү 9,7 млрд долларды түзгөн инвестициялык портфелди кайра караштыруудабыз”, - деп билдирди Бүткүл дүйнөлүк банктын Борбор Азиядагы регионалдык директору Лилия Бурунчук сөз болгон бул онлайн-брифингде.

Атай АЛТЫМЫШЕВ

Сунушум бар

УЛУТТУК ВАЛЮТАЛАР МЕНЕН ЭСЕПТЕШҮҮ – УЧУРДУН ТАЛАБЫ

Дүйнөдө болуп жаткан таажывирусу менен байланышкан алаамат биздин мамлекетибизге дагы терс таасирин тийгизбей койгон жок, өзгөчө экономикабыз оор абалга дуушар болду. Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө түшүүлөрдүн кыскарышы, улуттук акчабыздын АКШ долларына карата 10 сомго арзандашы, өлкөбүздүн номер биринчи инвестору деп аталып калган мигрант жердештерибизден жыл сайын бизге келип жаткан 2,0 млрд ашык америка долларынын көлөмүнүн кескин азайышы, түз инвестициянын келишинин оордогону, орто жана чакан бизнестин оор жабыркаганы, экономиканын негизин түзгөн банк системасындагы көйгөйлөр жана ушулар сыяктуу экономикага терс таасирин тийгизүүчү факторлор абдан көбөйдү.

Ошондуктан, улуттук акча бирдигибизди экономикалык кризиске карабай туруктуу кармоо максатында төмөндөгүлөрдү сунуштаймын:

- биздин өлкөбүздө бир жылдык соода байланышыбыздын 65-68%ын импорт товарлары ээлейт же 5-6 млрд АКШ доллары түзөт, мунун 70%га жакыны же 4.5 млрд АКШ доллары Кытай Эл Республикасынан келген азык-түлүк, текстиль жана башка товарларга таандык. Андыктан Улуттук банк жана Өкмөт көрсөтүлгөн акча каражатынын сомдун курсуна тийгизген таасирин азайтуу максатында КЭР менен соода байланышты улуттук валюталар менен жүргүзүү боюнча демилге менен Кытай өкмөтүнө жана Эл банкына кайрылуусу учурдун талабы деп эсептеймин.

Бул иш Улуттук банк менен Кытайдын Эл банкынын төрагаларынын ортосунда 2015-жылдын 29-сентябрында Бишкек шаарында кызматташуу боюнча протоколго кол коюудан башталган, анда:

– соода операцияларды улуттук валюталар менен эсептешүү,
- электрондук төлөмдөр боюнча кызматташуу,
- СВОПту улуттук валюталарда жүргүзүү боюнча, маселелер каралган.

Улуттук банк 2015-жылдан бери Кытай Эл банкы менен жогорку иштер боюнча кызматташуу кайсыл деңгээлде экенин тактап, ишти жандандыруусу зарыл.

Эл аралык валюта фонду (МВФ) кытай юанын 2016-жылдын октябрь айынан тартып валюталар корзинасына киргизген, азыркы учурда АКШ доллары жана евродон кийинки дүйнөдөгү үчүнчү күчтүү, туруктуу валютага айланып калды. Азыркы убакта Кытай Эл Республикасы үчүн эл аралык эсептешүүлөрдү юань менен жүргүзүү абдан керектүү, себеби Кытайдын коммунисттик партиясынын акыркы съездинде юанды интернационалдаштыруу боюнча Кытай Эл банкына катуу маселе койгон, ошондуктан Улуттук банктын демилге көтөргөнгө толук мүмкүнчүлүгү бар.

КР менен КЭР соода тармагында улуттук валюталар менен эсептешүү башталса, биринчиден экономикабыз үчүн чоң жетишкендик болоор эле жана сомдун курсун туруктуу кармасак болот, экинчиден ишкерлер үчүн өтө пайдалуу, алар ылдам жана арзан юань сатып алганга шарт түзүлөт, себеби сомду долларга алмаштырып, аны юанга алмаштырып конвертация үчүн комиссия төлөбөйт.

Эгерде Улуттук банк жана Өкмөт сом менен юандын байланышын жогорку деңгээлге көтөрө алса, АКШ долларынын биздин экономикага болгон таасири азыраак болмок, өзгөчө сомдун туруктуулугун бекем кармоого жакшы шарттар түзүлүп, сомдун курсун туруктуу кармаш үчүн мамлекеттик алтын-валюта резервин чыгымдоо азаймак.

Улуттук банк кризис убагында жоопкерчиликти моюнга алып, ишкерлерге жардам берүү максатында керек болсо алтын-валюта резервдин валюта корзинасына кытайдын юанын киргизип, жакшылап талдоодон өткөрүп, кадыр-барктуу (ЖК депутаттарынан, өкмөт мүчөлөрүнөн, укук коргоо органдарынан, ж.б.) жумушчу топ түзүп иштесе болот..

Эгерде юань менен иштеген ишкерлерге шарт түзүп, Улуттук банктан юанды түз сатып же мамлекеттик банктар аркылуу комиссиясын көтөрбөй жардам берсе, келген товарлардын баасы көтөрүлбөй элибизге жакшы болмок, сомубуздун туруктуулугуна дагы жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлмөк.

Өкмөт жана Улуттук банк жогоруда айтылган сунуштарды туура түшүнүп, жакшылап талдоолордон өткөрүп, таразага тартып, кризистен кийинки экономиканы калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча программага киргизүүлөрүн сунуштаймын.

Шамшыбек МЕДЕТБЕКОВ,
Кыргыз-Россия ишкерлер Кеңешинин аткаруучу директору.

Абадай зарыл акчалар

АЗИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫ КЫРГЫЗСТАНГА $50 МЛН БӨЛДҮ

Азиялык өнүктүрүү банкы өзүнүн жаңы жарыялаган докладында дүйнөлүк экономика COVID-19 коронавирустук пандемиясынын натыйжасында 5,8 триллиондон 8,8 триллион долларга чейин чыгым тартышы мүмкүн деп божомолдоодо, бул болжол менен жалпы дүйнөлүк ички дүң продуктунун 6,4-9,7%ына барабар.

Докладда Азиялык-Тынч океандык региондогу өлкөлөрдүн экономикалык жоготуулары пандемия 6 айга чейин созулуп кете турган болсо, 2,5 триллион долларга жетиши мүмкүн деген божомолдор айтылат. Сөз болуп жаткан регионго учурда дүйнөлүк өндүрүштөгү жалпы кыскаруулардын 30%ы туура келүүдө. Кытай Эл Республикасы 1,1 триллиондон 1,6 триллион долларга чейин чыгым тартышы мүмкүн.

Азыр дүйнөнүн бардык өлкөлөрү салык-бюджеттик жана акча-кредиттик саясатты жумшартуу, саламаттыкты сактоого чыгымдарды көбөйтүү жана кирешелердеги жоготуулардын ордун толуктоого тикелей колдоо көрсөтүү сыяктуу чараларды колдонуу менен пандемиянын кесепеттерин жумшартууга ыкчам аракет жасашууда. Докладга ылайык, дүйнөлүк өкмөттөр пандемиянын экономикалык таасирин 30-40%га жумшарта алышы мүмкүн. Бул глобалдык экономикалык жоготууларды 4,1 триллиондон 5,4 триллион долларга чейинки деңгээлге төмөндөтөт.

"АӨБдүн бул жаңы анализи пандемия өкүм сүрүп жаткан 96 өлкөнүн учурдагы экономикалык абалын өзүнө камтыйт. Анда экономиканын зыяндарын жумшартууга жардам берүүчү саясий чечимдердин маанилүү ролу баса белгиленген. Бул тыянактар пандемияны тизгиндөө, экономикага жана калкка тийгизген таасирин азайтуу чараларын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашырууда өкмөттөргө тиешелүү багыттама бере алат", - деп айтты АӨБдүн башкы экономисти Ясуюки Савада.

Кошумчаласак, 15-майда Жогорку Кеңештеги "Ата Мекен" фракциясынын отурумунда маалымат берген өлкөбүздүн финансы министри Бактыгүл Жээнбаева: "Азиялык өнүктүрүү банкынын Директорлор кеңеши бюджетти колдоо үчүн Кыргызстанга 50 миллион доллар бөлүү чечимин кабыл алды", - деп билдирди. Айтымында, Кыргызстан мындан тышкары, Европалык союздан 15 миллион доллар алуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө. Ал эми Евразиялык өнүктүрүү фондунан бюджетти колдоого 1%дык үстөк менен 20 жылдык мөөнөткө 100 миллион доллар алуу күтүлүүдө. Финансы министрлиги Бүткүл дүйнөлүк банк менен бизнести колдоого 50 миллион доллар кредит алуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө. Бул маселе үстүбүздөгү июнь-июль айларында оңуна чечилип калат.

Атай АЛТЫМЫШЕВ

Ош обл., Ноокат району, Исанов айыл өкмөтү, Чеч-Дөбө айылынын тургуну Пусурманкулов Кутбидин Абдиллаевич (ОКПО 29930814, ИНН 20801197700274)

жеке ишмердүүлүгүн токтоткондугун билдирет.

Дареги: **Ноокат району, Исанов айыл өкмөтү, Чеч-Дөбө айылы.** П/П-395

В связи с утерей договор купли-продажи жилого дома в рассрочку (от 21.12.2005 г.) реестр №4212 принадлежащее Жолдошовой Айгул Жусупбековне считать недействительным. П/П-418

Бакай-Ата районунун Бакай-Ата айылынын тургуну Анарбеков Джеенбектин үй-бүлөсүнө тиешелүү серия №0063102 сандуу жер үлүшүнө берилген күбөлүк жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-0056

Рахматиллаева Севара Бахрамжановнага таандык Жалал-Абад шаарындагы переулок Базарный №101 дарегиндеги жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч №514887, белекке алуу келишими №4-34, 14.01.2008-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Д-12

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серия ЧN№289360 на имя Алайчиева Кайрата считать недействительным. Н-448

Акун кызы Гүлзитага таандык Сузак районунун Таш-Булак айыл өкмөтүнө караштуу жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч №505422, берилген күнү 24.02.2004-ж., идентификациялык коду 3-05-12-1002-1617) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Д-12

В связи с утерей удостоверение на право временного пользования зем. участка ВN№081044 и д/купли продажи №1-3344 от 27.12.2007 года на имя Орунтаевой Таарындык Джангазиевны считать недействительным. Н-445

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

«Гарда ишкана» - DLP модулунун «Маалыматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу жана контролдоо» автоматташтырылган системасынын (купуя маалыматтын ачыкка чыгып кетишине бөгөт коюу системасы) техникалык колдоосун сатып алуу боюнча ачык республикалык сынакка катышууга чакырат.

Сынак боюнча документтер **Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101** дареги боюнча же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу сынак боюнча документтерди кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **2020-жылдын 10-июнунда саат 17.00гө** чейин берилет.

Катышуучулар үчүн сынакка чейинки конференция **2020-жылдын 2-июнунда саат 15.00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101** дареги боюнча өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча суроолор менен техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2020-жылдын 16-июнунда саат 15.00гө чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген мөөнөттөн кечиктирилип берилген сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт.

Сынак боюнча сунуштар **2020-жылдын 16-июнунда саат 15.00дө** каралат. Уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 61-91-52** телефону же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

Судебный исполнитель подразделения службы судебных исполнителей Ленинского района г.Бишкек Кожурова Т.В.

ОБЪЯВЛЯЕТ АУКЦИОН

на земельный участок площадью - 800,0 кв.м., расположенный по адресу: г.Бишкек, ул.Садырбаева (бывшая Баха) д. 395 (ж/м Арча-Бешик, уч. 36-16), принадлежащий Мамбетову Кубанычу Сатындиевичу.

Аукцион состоится **26 июня 2020 года в 10.00 часов** по месту нахождения имущества.

Начальная (стартовая) цена 5 641 300 (пять миллионов шестьсот сорок одна тысяча триста) сом.

Для участия в аукционе необходимо внести **5%** - **282 065 (двести восемьдесят две тысячи шестьдесят пять) сом,** гарантийного взноса зачислив данную сумму ОАО «РСК Банк» Центральное казначейство, БИК 440001, код 14238900, лицевой счет подразделения службы судебных исполнителей Ленинского района г. Бишкек **4402052100000877** (адрес: ОАО «РСК Банк» **г.Бишкек, пр.Молодой Гвардии, 38 А**).

Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона.

Участник, выигравший аукцион обязан в течение семи дней внести на расчетный счет подразделения службы судебных исполнителей Ленинского района г. Бишкек покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

За информацией обращаться в подразделения службы судебных исполнителей Ленинского района г.Бишкек по адресу: **г.Бишкек, пр.Чуй, 275, каб. 24, тел.: (0312) 34-20-73.** Н-449

МАМЛЕКЕТТИК МҮЛКТҮ БАШКАРУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №134 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун маселелери" жөнүндө токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун жобосунда:

11-пунктунун тогузунчу абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Фонддун борбордук аппаратынын жана анын карамагындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемесинин түзүмүн жана штаттык ыраатта масын аныкталган штаттык санынын чегинде бекитет;".

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-декабрындагы №681 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

19-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"19. Мамлекеттик мекеменин түзүмүн, штаттык ыраатта масын жана кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттарын Фонддун төрагасы бекитет.";

21-пунктунун тогузунчу абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык үстөк белгилейт, кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө жобону бекитет;".

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 10-майы, №243

2017-ЖЫЛДЫН 26-МАЙЫНДА КАЗАНЬ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН ГЕОДЕЗИЯ, КАРТОГРАФИЯ, КАДАСТР ЖАНА ЖЕРЛЕРДИ АРАЛЫКТАН ЗОНД МЕНЕН ИЗИЛДӨӨ ЖААТЫНДА АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДО, КАЙРА ДАЯРДООДО ЖАНА КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУДА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШКАН МАМЛЕКЕТТЕРДИН КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУСУН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. 2017-жылдын 26-майында Казань шаарында кол коюлган Геодезия, картография, кадастр жана Жерлерди аралыктан зонд менен изилдөө жаатында адистерди даярдоодо, кайра даярдоодо жана квалификациясын жогорулатууда Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине катышкан мамлекеттердин кызматташтык жөнүндө макулдашуусу (мындан ары -Макулдашуу) бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттик аталган Макулдашууну ишке ашыруу үчүн жооптуу болуп аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон тийиштүү ички мамлекеттик жол-жоболорду Кыргыз Республикасы аткаргандыгы жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Аткаруу комитетине кабарласын.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 11-майы, №245

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАРКАЛООНУН ЖАНА МАРКАЛАНГАН ТОВАРЛАРГА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН УЛУТТУК СИСТЕМАСЫНЫН ОПЕРАТОРУН (АДМИНИСТРАТОРУН) ТАНДОО БОЮНЧА УБАКТЫЛУУ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

2018-жылдын 2-февралында Алматы шаарында кол коюлган Евразия экономикалык бирлигинин алкагында товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоо жөнүндө макулдашуунун талаптарын, ошондой эле 2019-жылдын 8-августундагы №72 "Бут кийим товарларына маркалоону киргизүү жөнүндө" Евразия экономикалык комиссиясынын кеңешинин чечимин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасында маркалоонун жана маркаланган товарларга байкоо жүргүзүүнүн улуттук системасынын операторун (администраторун) (мындан ары - улуттук оператор) тандоо боюнча убактылуу жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Улуттук оператор тандоо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын курамы (мындан ары - ведомстволор аралык комиссия) 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Ведомстволор аралык комиссия:

- ушул токтомдун 1-пунктунда аталган Убактылуу жобого ылайык улуттук оператор тандоону өткөрсүн;

- тандоонун жыйынтыгы боюнча 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине улуттук оператор аныктоо тууралуу чечимди жөнөтсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги улуттук оператор аныктоо тууралуу чечимди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына улуттук оператор аныктоо тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин долбоорун киргизсин.

5. Улуттук оператор (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен идентификациялоо каражаттарын жеткирүүнүн, ошондой эле маркалоо коддорун берүү жана генерациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын белгиленген тартипте макулдашсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын финансы жана кредит саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет жана 2021-жылдын 1-январына чейин колдонулат.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 11-майы, №248

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУНА КАРАШТУУ КАРА-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Дене тарбия – ден соолукту чыңдоо комплексин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4 жана 20-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине жана ''Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2019-жылдын 28-ноябрындагы №483 корутундусун жана Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын 2019-жылдын 28-августундагы №114 токтомун көңүлгө алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Кара-Ой айыл аймагындагы №1244, 1248, 1260, 1261, 1262 контурларында жайгашкан 17,72 га жайыт жерлери дене тарбия – ден соолукту чыңдоо комплексин куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун.

2. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыздасын:

- жерлерди эсепке алуучу документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

- ушул токтомдун 1-пунктунда аталган жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген ченемдерге ылайык айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда аталган жерлерге шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын агроөнөр жай комплекси жана экология бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 11-майы, №246

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КООМДУК ТАРТИПТИ ЖАНА ЖОЛ КЫЙМЫЛЫНЫН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО ИШТЕРИН УЮШТУРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Коомдук тартипти жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча ички иштер органдарынын ишин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 9-ноябрындагы №734 "Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишин уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгы жөнүндө жободо:

- 7-пунктунун 14-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"14) транспорт каражаттарын башкарган адамдардын мас абалын аныктоо максатында медициналык күбөлөндүрүү үчүн жөнөтүүгө, ошондой эле транспорт каражаттарын башкарган адамдардын алкоголдук мас абалын атайын техникалык каражаттарды колдонуу менен күбөлөндүрүүдөн өткөрүүгө;";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын башкаруу схемасы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-февралындагы №56 "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплекси колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

"Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплекси колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибинде:

- 9-пунктунун төртүнчү жана жетинчи абзацтары "АПК" деген сөзгө чейин "милициянын кайгуул кызматынын бөлүмдөрүн түзүү, иштетүү үчүн, ошондой эле" деген сөздөр менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги:

- 2020-2021-жылдардын аралыгында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын бөлүкчөлөрүнүн базасында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча башкы башкармалыгынын бөлүкчөлөрүн жана Кыргыз Республикасынын аймактык ички иштер органдарынын милициянын кайгуул-күзөт кызматынын бөлүкчөлөрүн бириктирүү жолу менен милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүн түзүү жана иштетүү боюнча долбоорду ишке ашырсын;

- тийиштүү иш-чаралардын пландарын бекитсин жана милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүн түзүү жана иштетүү боюнча долбоорду ишке ашырууга байланышкан уюштуруу-техникалык жана башка маселелерди чечсин (белгиленген тартипте штаттык бирдиктерди, материалдык-техникалык жана акча каражаттарын өткөрүп берүү, кызмат өтөө үчүн талапкерлерди тандоо жана тийиштүү программалар боюнча окутуу, квалификациялык экзамендерди тапшыруу, конкурстук тандоодон ийгиликтүү өткөн жана окууну ийгиликтүү аяктаган адамдар менен кызмат өтөө жөнүндө контракт түзүү);

- милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүн түзүү жана иштетүү боюнча долбоорду ишке ашыруунун бардык стадияларында калк арасында түшүндүрүү жана маалымат берүү иштерин жүргүзсүн;

- жазуу жүзүндө кайрылган учурда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иштеп жаткан кызматкерлерине жаңы түзүлүп жаткан милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүндөгү бош кызмат орундарын ээлөө үчүн конкурстук тандоолорго катышуу укугу берилсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

4. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- түзүлүп жаткан милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүнө жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү функциялар, ошондой эле жарандардын өмүрүн, саламаттыгын, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын кылмыштуу жана ар кандай мыйзамга каршы кол салуулардан коргоо, кылмыштарга, жоруктарга жана бузууларга дароо чара көрүү, кылмыштарга, жоруктарга жана бузууларга бөгөт коюу, кылмыш кылганга же жорук жасаганга шектүү адамдарды кармоо боюнча зарыл чараларды көрүү, табигый кырсыктар, өзгөчө кырдаалдар жана алааматтар келип чыкканда жарандардын өмүрүн жана ден соолугун сактоого багытталган токтоосуз чараларды көрүү, профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү аркылуу бекитилген аймакта укуктук тартиптин сакталышын камсыздоо, ошондой эле аларды жасаганга түртүү берүүчү жагдайларды аныктоо боюнча функциялар жүктөлө тургандыгы;

- милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүн түзүү жана иштетүү боюнча долбоорду ишке ашыруу мезгилинде материалдык стимулдоого укук берген ченемдер милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүнүн кызматкерлерине жайылтылбай тургандыгы.

5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин макулдугу менен Ош шаарынын аймагында милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөсүн түзүү жана иштетүү боюнча долбоорду ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгына кошумча 44 384 900 (кырк төрт миллион үч жүз сексен төрт миң тогуз жүз) сом суммасындагы акча каражатын бөлүп берсин;

2) "Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү эске алсын;

3) "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгына 239 340 600 (эки жүз отуз тогуз миллион үч жүз кырк миң алты жүз) сом суммасындагы каражатты карасын.

6. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгы:

- 2020-жылга бюджетте каралган каражаттардын чегинде 34 235 000 (отуз төрт миллион эки жүз отуз беш миң) сом суммасындагы каражатты Ош шаарынын аймагында милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөсүн түзүү жана иштетүү боюнча долбоорду ишке ашырууга жумшасын;

- транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун жана жол кыймылынын коопсуздук чөйрөсүндөгү бузуулар үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларынан Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгына арналган акча каражаттарынын 25 пайызын милициянын кайгуул кызматынын бөлүкчөлөрүн түзүү жана иштетүү боюнча долбоорду ишке ашырууга пайдалансын.

7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө, финансы жана кредит саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

8. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 11-майы, №247

ПССИ АКСЫЙСКОГО РАЙОНА
ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЕ ТОРГИ
по реализации недвижимого имущества

Жилой дом расположенный по адресу: с/у Кош-Добо, уч.Атана. ул.К.Абасбекова, общей полезной площадью – 30,79 кв.м., жилой площадь – 17,15 кв.м., земельный участок общей площадью мерою - 1000, 00 кв.м. Аксыйского района, Жалал-Абадской области идентификационный код 3-03-04-1001-0866 принадлежащий должнику Сапарбай уулу Санжарбеку на праве частной собственности.

Начальная стартовая цена 348 000 сомов.

Торги состоятся в **22 июня 2020 года в 10.00 часа** по месту нахождения имущества. Желающие принять участие на торгах до начала торгов обязаны внести гарантийный взнос **5%** от стартовой цены на депозитный счет ПССИ Аксыйского района в "РСК Банк". Участник выигравший торги должен в течение пяти дней после торгов внести сумму (покупную цену) за вычетом суммы ранее внесенного гарантийного взноса. Выигравшим торги признается лицо, предложившее наиболее высокую цену. Гарантийный взнос участника, выигравшего торги, но не оплатившего покупную сумму, поступает в доход государства.

За справками обращаться в ПССИ Аксыйского района, тел. раб.: (03742) 5-06-43, моб.: (0773) 73-49-45. Д-12

Ала-Бука райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмү тарабынан

Ала-Бука районунун 1-Май айыл өкмөтүнө караштуу Совет-Сай айылында жайгашкан Пулатов Тынычбек Нурмаматовичке таандык жалпы пайдалануу аянты - 121,96 кв .м., жашоо аянты - 72,39 кв.м., жер участогунун аянты - 4754,00 кв.м. болгон турак жайы экинчи жолу ачык соода-сатыкка коюлат.

Баштапкы баасы 480 000 (төрт жүз сексен миң) сом.

Соода-сатык **2020-жылдын 25-июнь күнү саат 14.00дө** мүлк жайгашкан жеринде өткөрүлөт. Соода-сатыкка катышууну каалагандар катышууга арыз жана соода-сатыкка алардын катышуусуна тоскоолдуктар жогу жөнүндө тил кат берүүгө; мүлктүн баштапкы наркынын **5%** өлчөмүндөгү сумманы Ала-Бука райондук САКБнын депозиттик эсебине шертпул төлөөгө милдеттүү. Сот аткаруучунун соода-сатыкка катышууга арыздарды кабыл алуусу соода-сатык башталганга чейин бир күн мурда бүтөт. Соода-сатыкта утуп алган адамдын төлөгөн шертпул суммасы сатып алуу баасынын эсебине чегерилет. Соода-сатыктын калган катышуучулары төлөгөн шертпул соода-сатык аяктагандан кийин үч жумушчу күндүн ичинде кайтарылып берилет. Сатып алуучу протоколго кол коюлган күндөн кийин жети күн кечиктирбестен аукциондун башталышынын алдында төгүлгөн шертпулдун суммасын эсепке алуу менен мүлктүн сатып алынган наркын толук төлөөгө милдеттүү.

Сурап билүү үчүн Ала-Бука райондук САКБга **(Ала-Бука району, Ала-Бука айылы, С.Ибраимов көчөсү, 70 а)** кайрылсаңыздар болот.

Байланыш тел.: (03741) 5-03-07, (0700)-16-22-08. Д-12

Кара-Көл шаардык сот аткаруучулар кызмат бөлүмү тарабынан

Кара-Көл шаарына караштуу Канат көчөсүнүн №127, жалпы пайдалуу аянты - 600,0 кв.м., 2020-жылдын 14-февралындагы №64-р буйругунун негизинде Чарыкова Рыскул Эркинбековнага таандык болгон жер тилкеси экинчи жолу ачык соода-сатыкка коюлат.

Баштапкы (старттык) баасы 185 000 сом.

Ачык соода-сатык **2020-жылдын 22-июнь күнү саат 15.00дө** мүлк жайгашкан даректе жүргүзүлөт. Соода-сатыкка катышууну каалагандар сатык боло турган күндөн беш күн алдын ала мүлкүн баштапкы баасынын **5%ын** соода-сатык өткөрүлгөнгө чейин Кара-Көл шаардык САКБнын депозиттик эсебине кепилдик төлөм катары төлөп берүү менен сатыкка катыша алат. Соода-сатыкта утуп алган адамдын төккөн кепилдик суммасы сатып алуу баасына кошулат. Соода-сатыкта жеңилген катышуучуларга алдын ала төлөнгөн кепилдик суммалары соода-сатык аяктагандан кийин кайтарылып берилерин түшүндүрөт. Соода-сатыкта уткан адам жети күндүн ичинде соода-сатыктын алдында төккөн сумманы кошо эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү. Кара-Көл шаардык сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн депозиттик эсеби: Центральное казначейство МФ КР, БИК банка: **440001**, расчетный счет: **4408102100000190** код платежа: **14239400**.

Байланыш телефондор: (03746) 5-13-28, (0773) 47-35-42. Д-12

Жунушова Рысбүбүгө тиешелүү жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүк сериясы Ч/Х ЖА №459 жоголгонуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-440

В связи с утерей гос. акта Ч №559027 (от 13.01.15 г.) на имя Кондратенко Николая Фёдоровича считать недействительным. Н-442

ОАО МИКРОФИНАНСОВАЯ КОМПАНИЯ «САЛЫМ ФИНАНС»

*сообщает, что с **27 мая 2020 г.** будет производить выплаты доходов по именным процентным облигациям (**13 ноября 2017 г.** Государственной службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Правительстве КР внесена запись в Единый государственный реестр ценных бумаг в Кыргызской Республике о выпуске облигаций). Выплата доходов по именным процентным облигациям будет осуществляться в период* ***с 27 мая по 3 июня 2020 г.***

- Размер дохода на одну ценную бумагу – **15% годовых;**
- Дата, по состоянию на которую определяется список владельцев ценных бумаг, имеющих право на получение дохода по ценным бумагам: **24 мая 2020 г.;**
- Номинальная стоимость облигации **– 1000 сом;**
- Выплата процентов будет осуществляться денежными средствами в офисе ОАО Микрофинансовая компания “Салым Финанс”, адрес: **г. Бишкек, пр. Манаса, 40/ пр.Чуй, 164.**
- Справочная информация по тел.: **61-36-26, www.salymfinance.kg**

Председатель Правления **Кулов М.Т.**

С-212

ОБЪЯВЛЕНИЕ О ПРОВЕДЕНИИ ТЕНДЕРА

ОБЩЕСТВЕННЫЙ ФОНД «БИРИНЧИ ТАМГА»

ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ ТЕНДЕР НА:

1. Строительство «под ключ» школы площадью - 4 000 кв.м. с проведением всех коммуникаций на общую сумму в 160 000 000 (сто шестьдесят миллион) сом.

2. Капитальный ремонт существующего здания школы с изменением фасадного дизайна площадью - 8 100 кв.м. на общую сумму 120 000 000 (сто двадцать миллион) сом.

Дата проведения тендера: **9 июня 2020 года.**

КВАЛИФИКАЦИЯ УЧАСТНИКОВ ТЕНДЕРА:

1. Иметь соответствующие лицензии не ниже 2 уровня ответственности для строительства школы и капитальному ремонту действующего здания школы;
2. Иметь опыт выполнения не менее 1 (одного) аналогичного договора/услуг в 2018, 2019 г.;
3. Иметь в наличии ключевых сотрудников с опытом выполнения работ аналогичных по характеру и объему услуг не менее 1 (одного) года;
4. Иметь наличие в собственности или подтверждение возможности арендовать следующие виды оборудования и механизмов;
5. Не должен быть в списке ненадежных поставщиков услуг;
6. Обеспечить исправление дефектов по гарантии;

Список необходимых документов от поставщика:

1. Юридические документы (копии);
2. Лицензии/сертификаты на заявленные услуги (копии);
3. Бухгалтерский баланс за последние 2 года (копии);
4. Предоставить сведения о судебных разбирательствах, в которые вовлечен поставщик на дату подачи тендерной заявки;
5. Письмо-подтверждение о том, что участник не является аффилированным лицом (оригинал);
6. Справки с ГНС/Соцфонда об отсутствии задолженности (копии);
7. Предоставить примерный график выполнения работ.

Ваше тендерное предложение должно быть подготовлено в электронном варианте и направлено по электронной почте на следующие адреса: **altyshabbss@gmail.com** и **Eamanturov@rkdf.org.**

Бумажный вариант тендерной заявки необходимо предоставить по адресу: **г.Бишкек, мкр.Джал, 29, 45А.**

Документы для участия в тендере должны быть предоставлены не позднее **15.00 час 6 июня 2020 г.**

Дополнительную информацию можно получить по тел.: **(0550) 53-53-53** не позднее чем за 2 рабочих дня до истечения срока подачи тендерных предложений на участие в открытом тендере.

Н-441

Аксы районунун Кербен шаарынын тургуну Кулбаев Абдыманап Стамкуловичке таандык (18.01.2018-жылы берилген) Ч №660774 сериялуу жер участогуна берилген мам. актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-383

Кербен шаарынын тургуну Мамбеталиев Сыдыгалы Усупбаевичке таандык (10.03.2011-жылы берилген) Ч№305889 сериялуу жер участогуна берилген мам. актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-020

Өзгөн районунун Мырза-Аке айылынын тургуну Нурмаматова Нурханбүгө таандык үйдүн мамлекеттик актысы Ч №412103 жана тех. паспорту 5-0615-1001-1042 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз дел табылсын. П/П-600

ОО «Атай»

объявляет о своем закрытии.

Претензии принимаются в течение 2-х месяцев по адресу: **Чуйская область, Панфиловский р-н., с.Чалдовар, ул.Ленина, д. 353.** Н-439

Подразделение службы судебных исполнителей Первомайского района г. Бишкек

ПРОВОДИТ ПЕРВИЧНЫЙ АУКЦИОН НА НЕДВИЖИМОЕ ИМУЩЕСТВО

- квартиру расположенную по адресу: г.Бишкек, ул.Патриса Лумумбы, д. 139 б, кв. 46 общей полезной площадью - 49,6 кв.м., жилой площадью - 30,7 кв.м., идентификационный код 1-02-07-0054-0010-01-046 принадлежащую на праве частной собственности Тоялиевой Нурзаде Сатылгановне.

Аукцион состоятся в **10.00 часов 23 июня 2020 года** по адресу: **г.Бишкек, ул.Патриса Лумумбы, д. 139 б, кв. 46** по начальной продажной ценой в сумме **1 745 000 (один миллион семьсот сорок пять тысяч) сом.**

Для участия на аукционе необходимо до начала торгов внести гарантийный взнос в размере **5%** от стоимости имущества на депозитный счет ПССИ Первомайского района г.Бишкек, р/с: **4402012100000440**, БИК **440201**, ИНН **10405199510158**, код платежа **14238900** Банк получатель: Центральное казначейство МФ КР, назначение - гарантийный взнос для участия в аукционе.

Справки по тел.: (0551) 55-15-01. Н-446

В связи с утерей свидетельства на право пользования зем. долей (от 09.03.1999 г.) за №459 на имя Лемешко Ивана Ивановича считать недействительным. Н-438

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №364399 (от 03.02.2012 г.) на имя Сансызбаева Алишера Кадырбековича считать недействительным. Н-443

“Эркин Тоо” гезитинин жалпы жамааты “Эркин Тоо” гезитинин веб-сайтынын жооптуу редактору Жазгүл Кенжетаевага чоң энеси

ЭРГЕШБАЙ кызы Тургунайымдын

дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу терең кайгыруу менен азасын тең бөлүшөт.

Маркумдун жаткан жери жайлуу болсун!

Эркин Тоо
Гезит ээси: Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактордун милдетин аткаруучу
ЧЕРБЕКОВ Алмаз Досбекович – 62-38-77

Башкы редактор
КЕРИМБАЕВ Дыйканбек Качкынбаевич

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун орун басары
ТЕМИРОВ Таалайбек – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс

Жооптуу катчы
ЖУНУСОВ Асан – 62-38-71

Жооптуу катчынын орун басары
АЛТЫМЫШЕВ Атай – 62-38-71

Бөлүмдөр:
Саясат жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, илим, спорт жана туризм бөлүмү – 62-38-78
Сот-укук бөлүмү – 62-18-64

Веб-сайт – 62-38-74
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-18-64
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.
R – рекламалык материалдар

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo777@mail.ru
erkintoonews@gmail.com

● Юстиция министрлигинен өткөн катталуу күбөлүгүнүн №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" АКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24
Буйрутма №608. Нускасы 5027
Басууга 18.05.2020-ж. саат 19.00дө берилди
Сатык келишим баада

Беш-беш менен бетме-бет

АК БАРАКТЫН СҮРҮНӨН «КОРККОН» ШЕКЕРБЕК КАЛЫКОВ

Универсал журналист Шекербек Калыковду «Аалам» гезитинде иштеп жүргөндө билчүмүн. Өзү айткандай «ширин палек» макалаларын окуп калчумун. Кийин «Кыргыз Туусу» гезитинде чогуу иштеп калдык. Катардагы кабарчылыктан баштап, башкы редактордун орун басарлыгына чейинки тепкичтерди басып өттү. Бүгүн да ошол куттуу гезиттин кутун арттырып, арабасын тартып келет. Аты да, заты да Шекербек деген атка төп келген бедели бийик жигит. Шекербектин башка журналисттерден айырмаланып, өзгөчөлөнүп турган артыкчылыгы – анын универсалдуулугунда. Кайсы темаңы, кайсы жанрды алба катыра жазып, майын чыгара иштейт. Азыр кайсы басылманы (гезит-журналдар) алба каржылык жактан кыйналып турган чагы. Шекем дал ушундай чакта иштин «пайитин таап» кетчү, ажаатын аччу жигиттерден. Анткени, журналистмин деп төшүн каккандардын баары эле жарнама «жанрында» иштеп кете алышпайт. Бүгүнкү күндө кыргыздын туңгуч, төл гезити аталган 90 жаштан ашкан «Кыргыз Туусу» гезитинин башкы редакторунун орун басары кызматын аркалап келет. Тагыраагы коммерциялык мыкты «команда» топтоп алып басылманы «багып» келет десек да жарашат.

Беш-бешке (55 жашка) бетмебет келген жигиттин басып өткөн жолуна кайрылсак, балалыгы Базар-Коргондун Баймундуз айылынан башталат. КМУнун журналистика факультетин тамамлаган соң райондук «Эмгек жалыны» гезитинде эмгек жолун баштаган. Жаштык жигер, жалындаган куракта борборубузга келип абройлуу басылмаларда иштеп, белгилүү калемгер катары таанылды. 2006-жылы «Шумкарлар учкан бийиктик» аттуу китеби жарык көргөн. Коомдук-саясий «Сенатор плюс» гезитин негиздеп саясат айдыңында таанылды. Саясий дымагы «Жаңы Ордо» гезитинде иштеп жүргөндө ачылды.

Бүгүнкү Шекербек Калыков ким? Ал белгилүү публицист, акын, жазуучу, адамгерчилиги асыл сапаттарга бай инсан дээр элем. Журналисттик вазийпасын абийирдүүлүк менен аткарып келет. Бир нече китептердин автору. Социалдык тармактарда активдүү автор. Күн тартибиндеги маселелерди көңүлүнөн чыгарбай үн кошуп келет. Макала жазып эле чектелбейт. Ыр, аңгемелерден сырткары повесть жазууга, жаратууга жетишти.

Бош кезде кыягын тартып кыялданат, төгүлө ырдайт. Мындай алып карасаң Шекербек бактылуу, шайыр, шарт менен шертке бек. Шатыра-шатман жүргөн, шариятка шайкеш келген иштерге гана умтулат. Дарыяны бойлой басса анын шоокумун аңдап, түнгө шоола чачкандай шумкар жигиттердин бири десем апыртандык болбостур. Ар бир ишке астейдил киришип, улуу-кичүүгө урмат менен мамиле кыла билет.

Өзү айткандай ак барактын сүрүнөн коркот. Ак барак ал үчүн ыйык супарадай. Шыр жаза албаса да шарт эле шапа-шупа иштеп кете алат. Журналист – коомдун күзгүсү боло алабы? Же коомдук пикир жаратып коюу жетиштүүбү? Азыр руханий жактан тазаланып, азыктанып, жан дүйнөбүздү тазартып, коронакризистен кутулуу милдети турат. Айтор, Шекербекти түйшөлткөн маселелер арбын.

Эки бешти кучактап, чыгармачылык эргүүсү артып турган кесиптешиме иштерине ийгилик, өзүнө чың ден соолук каалайм. Элине бергенден да бере турган эмгектери али алдыда. Чыгармачылыгың артып, калемиң курчуй берсин!

Сөз соңун Шекем өзүнө өзү арнап жазган “Насип экен бүгүн алдым эки беш” (55) деген ырынын соңку куплети менен жыйынтыктагым келди:

Айып эмес, эгер кирсе эси кеч,
Мүнөз шундай айтып
болбос чеки деш.
Өмүр бою «2», «3»
бааны көп алдым,
Насип экен бүгүн
алдым эки беш (55).

Асан ЖУНУСОВ

Үйдө бол!

Алас, алас, атпай журт!

Азалуу кылган кылымды
Апааттан калктар кырылды.
Азезил вирус дегениң
Жер жүзүн түрө кыдырды.
Каралуу кылган кылымды
Жан касап вирус кыдырды.
Кызыл кыргын түшүрүп,
Кырчындай жандар кыйылды.
Азезилге тосмо жок
Аны болбойт ноктолоп.
Бул жазадан адамзат
Акыл-эсин козгомок.
Кайсалып элдин морттору
Коронавирус сорттоду
Корунуп коңшу, жакындар
Кол алышмай токтоду.
Коронавирус чеберде
Каран түн салба сен элге.
Ак бата алып калайын
Акың жок ата-энемде.
Каңгытпай бекерпоздорду
Катар коюп постторду-
Кайтартып кирдик көчөнү
Күн-түнү кызыл чокторду.
Жарандар дарттан корголуп,
Жатышса үйдө бордолуп,
Адамзат баскан тарыхты
Аңдагың келет ой жоруп:
Адамдар коому баштагы
Ашынып макоо жактары
Балиттик сазга батканы
Жаратканга жакпады.
Арамдыктан арылтчу
Кыямат күндүн макшары
Топон суу кыян каптады.
Ыймандан пенде кол жууп,
Ынтымак, ырыс болду жут.
Азезил бийлеп дүйнөнү
Куралы зордук-зомбулук.
Ач араандык жолдогу
Аждагалар тойбоду.
Жалмап жазык олжону.
Агрессор дегениң
Тарпка конгон чоң жору.
Адамдын рух тоолору
Чыгып жатат ойрону.
Абалтадан Жер-Эне
Апааттардан шорлоду!
Ажаандык салып жадаалды,
Ач көздүк ачып арааңды,
Ылгабай жакшы-жаманды,
Ыйык санап арамды,
Дил багып бөйөн-чаянды
Пенденин көөнү карарды.
Эркекке эркек үйлөнүп,
Аял алды аялды,
Аруулук калды тепселип,
Азезил бийлеп заманды.
Жапайы аңги жоруктар
Жаратпайбы каарды?
Адамзатка бул тумоо
Көзүң ач деген аянбы!..
Жеткирбей элди жыргалга
Жезиттер кумар кыргынга.
Кесирге коом батканда
Келтирүү кыйын ыймана.
Жарыша куралдануунуу
Акыл, эрк жетпей тыйганга,
Атомсуз апаат каптамак
Алланын каары кыйнарда!
Душманы жеңе албаган,
Дүмөктүү найза кармаган.
Кыргыздын көчү келатат
Кылымды кечип сандаган.
Айкөлүң Манас доорунда
Атпай журт демдар чардаган.
Өз күүсүнөн жанбаган
Өттү-кетти ар заман.
Элимди Эгем жалгаган
Тумоодон тиш кайраган
Тумшугун кайрып, кал аман!
Алас, алас, алас! деп,
Арбагың колдо, Манас! – деп,
Сурайлы эл-журт Алладан!

Ильгиз ТАЛИП, акын.

Ойлончу кез

Көрсөтөлү биримдикти иш менен

Каптап келсе вирус биздин айылды,
Кенебестер бул кырдаалга кайылбы?
Көөдөнү жок көйрөңдөрдүн айынан,
Кокустукка бүт букара кабылды.

Көңүлкоштук коркунучтуу согуштан,
Көчмөн дайым журтун тыкан корушкан.
Капсалаңда кол кабышка келбеген,
Каргыш тийип мамонттой жок болушкан.

Керилбейли, кебетени өндөйлү,
Капилеттен калкыбызды коргойлу.
Кереги жок кылыктарды кайталап,
Күтүүсүздөн биз да муздай тоңбойлу.

Кубанбагын, мага келбейт дебегин,
Кыйналганга сен өзүңдү теңегин.
Көрсөтөлү биримдикти иш менен,
Ким азайтат бул кырсыктын себебин.

Келсе да ээрчип бул кесепет алыстан,
Келбесинчи жаман кабар Кудайдан.
Көбөйбөстөн өчсүн вирус, жоголсун,
Коргоп турат бизди тообуз Сулайман.

Кенебеген кемпайлардан болбойлу,
Келечекти кененирээк ойлойлу.
Кыйшык басып, кыянаттык кылбастан,
Көрсөтүлгөн эрежени колдойлу.

Үсөнакун ЖУСУПОВ,
Бишкек шаары